**Былыкова Махабат Максатовнанын «Окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» деген темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы» адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

## ПИКИР

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Ааламдашуу,глобалдаштыруу шарттарында Кыргызстан билим берүү теориясы менен практикасын өзгөрүүсүн талап эткен олуттуу шарттар менен коштолууда. Бул маселе Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу (№1578/1,2021-жылдын 21-сентябры) менен бекитилген Педагогика багыты боюнча (550700) бакалавр программасынын Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында да өзөктүү талаптардын бири катары айкындалган. Мына ушул өңүттөн алып караганда, изденүүчү М.М.Былыкованын окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары деп аталган эмгеги актуалдуу, анткени аталган илимий изилдөөнүн максаты да, милдеттери да болочок мугалимдердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү аркылуу, эртеңки өзгөргөн коомдун муктаждыктарынын шарттарында иштеп кете ала турган, туш келген кыйынчылыктарды өз алдынча чечүүгө билими жана таанымдык практикалык даярдыгы жетиштүү, иш билги, үйрөнүүгө ийкемдүү адистерди даярдоого төп келип,теориялык маселелер менен бирге практикалык маселелерди чечүүгө жол ачат.

Илимий эмгек алдыга коюлган максат-милдеттерге ылайык киришүүдөн, үч

Окум. катчы: [signature]

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 81 «1» 06 2022 ж/г

главадан, главалар боюнча чыгарылган корутундудан, изилдөөнүн жалпы жыйынтыктарынан, практикалык сунуштардан жана библиографиядан түзүлгөн. Иштин негизги тексти -170бет, адабияттардын тизмеси167 аталыштан турат.

**Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделүү даражасы.**

Киришүүдө изилдөөнүн максаттары менен милдеттери аныкталып,эмгектин илимий жацылыгы,практикалык баалуулугу, ошону менен бирге коргоого коюлган негизги жоболору такталып,изденүүчүнүн жеке салымы,эксперименттик базасы,изилдөөнүн этаптары так көрсөтүлүп, Кыргызстанда, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө өткөрүлгөн илимий конференциялардагы баяндамалар,макалалар даярдалып,угулган жана талкууланган.

Диссертациянын темасына байланыштуу педагогикалык маселени чечүүдө негиз боло турган,"Окутуунун интерактивдүү методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык негиздери" деп аталган биринчи главасында диссертант тарабынан бул илимий багыттагы көптөгөн окумуштуулардын ой-пикирлери сын көз караш менен иликтенип чыгып,изилдөөнүн терминологиялык аппаратын түзүү жана тактоо,студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн теориялык маселелерин талдоо аракеттери жасалган. Атап айтсак Интерактивдүү окутуу ыкмалары көйгөйлүү жана кесиптик ишмердүүлүктү моделдөө принциптерине негизделген адистерди даярдоону өркүндөтүүнүн эң перспективдүү жолдорунун бири, аларды салттуу,пасивдүү окутуудан айырмалоочу мүнөздөмөлөргө ээ. Биринчиден, ИОМ окуу процеессинин технологиясы менен студенттердин ой жүгүртүүсүн активдештирүү.Экинчиден, ИОМ ыкмаларын колдонуу узак мөөнөттүү жана туруктуу.Үчүнчүдөн, ИОМ студенттердин өз алдынча чыгармачыл эмоционалдык түстөгү жана шыктанууга негизделген иш-аракеттерин,чечимдерин кабыл алуусуна кызмат кылат.Төртүнчүдөн,

окутуунун ИНТЕРАКТИВДҮҮ методдорунун кайсынысы болбосун,окуу процесси жамаатык негизге ээ жана белгилүү бир алгоритмге ылайык курулган.Бешинчиден, ИОМ окутуунун натыйжалуулугун жогорулатылган чыңалган ыкмалар, алар иштелип чыккан маалыматтын көломүн көбөйтүү менен эмес,аны иштетүү терецдигине жана ылдамдыгына байланыштуу түшүнүктөрдүн мазмунуна талдоо жүргүзүлүп,изилдөөнүн методологиялык негиздери жана илимий дидактикалык принциптери аныкталган. Бул главада изденүүчү В.Я.Лаудистин, Н.И.Кокоринанын ж.б. пикирлерине кошулуп, интерактивдүү методдорун төмөндөкүдөй үч тобун бөлүп көрсөтөт: 1) программалаштырып окутуу, 2) проблемалуу окутуу, 3) интерактивдүү (байланыштуу) окутуу. Изденүүчү ЖОЖдо интерактивдүү окутуунун усулдарын пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн, интерактивдүү окутуу методдорун ийкемдүү колдонуудан көз каранды экендигин негиздеген.

Диссертанттын педагогикалык илимге болгон жеке салымын,анын негизги педагогикалык идеяларын,концепциялык коз карашын ача турган диссертациянын бөлүмү-бул” Окутуунун интерактивдүү методдору аркылуу студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттарын изилдөөнүн материалдары жана метөддору” деп аталган экинчи жана аны менен тыгыз байланышта болгон” Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыгы” деп аталган үчүнчү глава.

Диссертациянын экинчи главасындагы логикалык жактан ырааттуу түзүлгөн үч параграфында студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары аныкталып, анын теориялык модели түзүлгөн жана педагогикалык шарттары жетиштүү түрдөо чечмеленген. ЖОЖдун студенттеринин таанып-билүү активдүүлүгүнүн онүгүүсүнүн педагогикалык милдеттерин чечүүгө багытталган мындай моделди түзүүдө, методологиялык принциптер жетекчиликке алынган,педагогикалык каражаттар,натыйжалуулуктун методдору жана критерийлери колдонулган. ЖОЖдордун студенттеринин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү

процессин башкаруунун максаты, милдеттери, мазмуну, формалары, методдору жана каражаттары, түзүмү камтылган. Диссертант иштеп чыккан ЖОЖдун студенттеринин таанып-билүү активдүүлүгүн өркүндөтүүнүн теориялык модели бул процессти бүтүн карама-каршылыксыз система катары кароону жана уюштурууну болжолдойт. Ар кандай педагогикалык моделдин башкы компоненти анын максаты. Буга байланыштуу, изденүүчү мурдагы изилдөөлөргө жана өздүк эмпирикалык изденүүлөрдөгү тажрыйбаларга таянып, окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү-бул аларда билимге баалуулук, башкы керектөө катары мамилеси, позициясы туруктуу,билим алуудагы кыйынчылыктарды талыкпай жеңүүгө дараметтүү, таанымдык тапшырмаларды стандарт, шаблондордон тышкаркы креативдүүлүк менен чечүүгө умтулган билимдерди өздөштүрүүдө өз алдынчалыгы, бекем эрки бар, өзүнүн билиминдеги кем-өксүктордү рефлексивдик баалоо маданияты жеткилең, инсандык касиеттерди тарбиялоого багытталган максаттуу, үзгүлтүксүз, ырааттуу уюштурулган педагогикалык процесс-деп тыянак чыгарылган.Жогорку окуу жайлардын студенттеринин таанып-билүү активдүүлүгүн интерактивдүү методдорун колдонуу аркылуу өнүктүрүү процессинин моделин иштеп чыгууда педагогикалык процесс жөнүидөгү жалпы мыйзам ченемдүүлүктөргө негиздеген.Жогорудагы белгиленген натыйжалардын илимий жаңылыгы жетиштүү деп баалоого татыктуу.

Изилдөөнүн натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Изилдөөнүн жыйынтыктары КР Президентине караштуу УАК талап кылган жалпы 16 илимий-усулдук макалаларда чагылдырылган. Изилдоонүн багыты боюнча 4 макала Россиядан РИНЦ системасында чыгарылган, 12 макала жергиликтүү басылмаларда жарыяланган. Ошондуктан, диссертант тарабынан алынган илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар негиздүү болуп саналат жана илимдин аталган багыты үчүн өзгөчө мааниге ээ.

**Диссертациянын илимий жана практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык изилдөө илимий жана практикалык мааниге ээ болуп эсептелинет, анткени М.Былыкованын диссертациясында алынган илимий натыйжалар окутуунун интерактивдүү усулдарын пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүү, педагогдордун ишмердүүлүгүнө коюлган талаптардын жогорулашына, алардын функционалдык милдеттеринин кеңейишине жана кесиптик компетенттүүлүктөрдүн өзгөрүүсүнө алып келет.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү жетиштүү, аларды ЖОЖдордо жалпы билим берүүчү уюмдарга педагогдорду даярдоодо, социалдык педагогдор, мугалимдер, мектептин администрация мүчөлөрүнүн ишмердүүлүгүндө кеңири колдонсо болот.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча сунуштар.**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ички логикалык ырааттуулугу жана бүтүндүгү менен мүнөздөлөт.Талдоолор,сунуштар менен тыянактар ырааттуулук жана улантмалуулук талаптарына ылайык иштелген.

Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын окутуу процессин өркүндөтүүгө,аны кесиптик багытта жүргүзүүгө, мугалимдерди, окутуучуларды даярдоо учурунда атайын курстарда пайдаланса болот.

**Автореферттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмунуна негизинен төп келет жана"Кыргыз Республикасында окумуштуу даражаларды ыйгаруу тартибинин жоболорунда"белгиленген критерийлерге жооп берет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелерге ээ.

**Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта кетирилген кемчиликтер.**

Диссертацияда корсотүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым бир кемчиликтер орун алган:

- Диссертацияда техникалык,орфографиялык каталар, стилистикалык мүчүлүштүктөр орун алгандыгын,айрым сүйлөмдөр ойду так бербей калгандыгын(диссертациянын 31,45,50,67,111-беттерин белгилөөгө болот.

– биринчи главанын биринчи бөлүгүндө интерактивдүү усулдары түшүнүгүн чечмелеп берүүгө аракет жасалып, адабий анализ кылынган, бирок окумуштуу-илимпоздорду биринчи чет элдик, андан кийин орус окумуштууларын жана Ата Мекендик окумуштуулар деп ирети менен караса туура болмок;

– интерактивдүү окутуу усулунун Кыргыз Республикасында жана чет мамлекеттерде өнүгүү этаптарын салыштырып (35,39-40беттер) талдоодо чет өлкөлөрдөгү алынып барылган иштер айтылып,өлкөбүздөгү иштер кенен айтылбай калган.;

– иште студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн интерактивдүү методдорду пайдалануу аркылуу өнүктүрүүгө көбүрөөк маани берилип, студенттердин өз алдынча иштөө ишмердүүлүгү эске алынбай калган;

– Студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүдө колдонууда окуу-тренингдери өзгөчө мааниге ээ экендиги айтылып.анын пайдалануу жолдору берилбей калган (137-138беттер).

Бирок, бул кемчиликтер диссертациянын жалпы баалуулугун төмөндөтпөйт жана изилдөөчүдө айтылган пикирлерди эске алып, бул багытта ишти мындан ары ырааттуу улантуу мүмкүнчүлүгү толугу менен бар.

**КРнын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө, жобонун» 10 п. ылайыктуулугу, критерийлерине иштин жооп бериши (критерийлер тиркелет).**

Жыйынтыктап айтканда, Былыкова Махабат Максатовнанын «Окутуунун интерактивдүү методдорун пайдалануу менен студенттердин таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары» аттуу диссертациясы “КРдин Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби

жонүндо жобонун” 9-пунктуна жооп берет, ал эми диссертант М.М.Былыкова 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууну сунуш кылууга болот.

**Расмий оппонент:**

**п.и.д.,профессор, ОшМПУнин ректору:** **Зулуев Б.Б.**

**Кадрлар бөлүмүнүн башчысы:** **Кадыралиева А.Б.**

ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
ТАСТЫКТАЙМЫН
«30» 05 20 22 ж.
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Кадыралиева А.Б.